КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ

АЛА - АРЧА
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

724324 Мрамор айылы
Юбилейная көчөсү № 1

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН

АЛА - АРЧИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

724324 с. Мраморное
ул. Юбилейная № 1

**АЛА-АРЧА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 28 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 20 ОТУРУМУ**

# Т О К Т О М № 92

05 - октябрь 2023- жыл — Мраморное айылы

**“Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо жана өрттөө боюнча”**

Кыргыз Республикасынын “Укук бузулар жөнүндө” Кодексинин “Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, өрттөө” жөнүндө 115 беренесине ылайык Ала – Арча айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Ала-Арча айыл аймагынын жашоочулары белгиленбеген жерлерге турмуш-тиричилик таштандыларын жана башка буюмдарды таштоо, жеке жактарга 55 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 170 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынсын;
2. Белгиленбеген жерлерге өндүрүштүк, өнөр жай таштандыларын жана медициналык калдыктарды таштоо, жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынсын;
3. Таштандыларды, турмуш-тиричиликтик катуу, өндүрүштүк, өнөр жай калдыктарын жана башка предметтерди өрттөө, жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынсын;

   **Эскертүү.** Белгиленбеген жерлер деп бул атайын аталган максаттарда пайдаланууга бөлүнбөгөн жерлер түшүнүлөт.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кеңештин “Жер, агрардык суроолор, архитектура жана укуктук тартип” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ала-Арча айылдык кеңешинин төрагасы** — **Н.Б.Мажитов**